*УДК:821.512.154.*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.3*

***Funda Kıvılcım,***
*Kırgızistan-Türkiye MANAS Üniversitesi.*

# АЙЫМ АЙТБАЕВАНЫН "ЭНЕ ҮМҮТҮ" АТТУУ КИТЕБИНДЕГИ АҢГЕМЕЛЕРДЕ АЯЛ ТЕМАСЫ

# AYIM AYTBAEVA'NIN "ANNE ÜMİDİ" ADLI KİTABINDAKİ HİKÂYELERİNDE KADIN KONUSU

# ISSUES OF WOMEN IN AYIM AITBAEVA'S WORK "A MOTHER'S HOPE"

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада Айым Айтбаева алгачкы кыргыз аял-прозаик жазуучунун өмүрүнүн акыркы күндөрүндө жарыяланган "Эне үмүтү" аттуу аңгемесиндеги аял темасын ичине камтыйт. Жалпысынан аял темасын камтыган жети аңгемесине анализ жүргүзүлдү. Анализ жүргүзүлүп жатканда ошол доордун социалдык, саясий, экономикалык жана маданий өзгөчөлүктөрү эске алынды.*

*Айым Айтбаеванын сөз болуп жаткан китебин кошкондо, жалпысынан алты аңгеме жыйнактары жарык көргөн. «Эне үмүтү» китебинин тандалышынын себеби, А. Айтбаеванын башка китептерине караганда бул китепте аял темасына өзгөчө маани бергени. Китеп жалпысынан он беш чыгармадан турат. Темага ылайык келген аңгемелер тандалып, ошол теманын негизинде анализ жүргүзүлдү. Айым Айтбаева аңгемелери аркылуу өз доорундагы аялдардын маселелерин жазып чыккан жазуучу катары таанылгандыгы жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Айым Айтбаева, анализ, Эне үмүтү, аял, аңгеме, жазуучу, прозаик, алгачкы, кыргыз, кыргыз адабияты*

***Özet:*** *Ayım Aytbaeva, ilk Kırgız kadın nesir yazarıdır. Makale, yazarın yaşamının son dönemlerinde yayımlanmış olan Anne Ümidi adlı hikâye kitabındaki kadın konusunu kapsamaktadır. Kadın konusunu içeren toplamda yedi hikâye incelenmiş ve analiz edilmiştir. Hikâyelerde ele alınan kadın konusu dönemin sosyal, siyasal, ekonomik, kültürel özellikleri göz önünde bulundurularak analiz edilmiştir.*

*Ayım Aytbaev'nın adı geçen hikâye kitabıyla birlikte toplamda altı hikâye kitabı vardır. Bizim bu kitabını seçmemizdeki sebep diğer kitaplarına kıyasla bu hikâye kitabında kadın konusuna daha fazla ağırlık vermesindendir. Bu hikâye kitabı toplamda on beş başlıktan oluşmuştur. Biz, seçilen konuya uygun olan hikâyelerini ele alarak analiz ettik. Aytbaeva, hikâyeleriyle döneminin Kırgız kadınının sesi olmuştur.*

***Anahtar Kelimeler:*** *Ayım Aytbaeva, analiz, Anne Ümidi, kadın, hikâye, yazar, nesir yazarı, ilk, Kırgız, Kırgız edebiyatı*

***ABSTRACT:*** *Ayim Aitbaeva was the first famele Kyrgyz novelist. This article examines Aitbaeva's work "A Mother's Hope" dedicated to the issues of women, which was puplished in the last day of her life. In total, seven stories dedicated to the subject of women's issues are analysed. Social, political, economic and cultural characteristics of that time are also considered in the analysis.*

*Ayim Aitbaeva has six story books together with the mentioned story book. The reason why we chose this book is to give more weight to women in this story book, which is similar to other books. This story book consists of fifeteen titles in total. We have analyzed the stories appropriate to the proposed topic. Aytbaeva, through her stories, became the voice of the Kyrgyz woman of her time.*

***Keywords:*** *Ayim Aitbaeva, analysis, Ene Umutu (Mother's hope), woman, nover, writer, novelist, firstly, Kyrgyz, Kyrgyz literatüre.*

Кыргыз адабиятынын алгачкы аял жазуучусу Айым Айтпаева 1917-жыдын, декабрь айында жарык дүйнөгө келген. Жакыр жашаган үй-бүлөнүн алты баласынын бири болгон.

Аялдар темасын дагы да тереэң изилдөө максатында аялдар темасында төмөнкүдөй классификацияга бөлүп карадык: Айым Айтбаеванын "Эне үмүтү" аттуу китебиндеги аялдар:

а). Эне катары аял.
б). Сүйүктүү жар катары аял.
в). Селки, секелек кыз катары аял.
г). Советтер союзундагы аял.
д). Терс сапаттарынан улам сынга алынган аял.

**1. Текебайдын жоругу аңгемесинде аял**

Бул аңгемеде аял Текебай аттуу катаал мүнөздүү каармандын аялынын ролун жаратат. Ал дайыма бир жерге конокко бараарда "Ой тобону" кыңылдап ырдап даярдана баштайт. Жазуучу аны: "меймандап бирөөнүкүнө барар күнү ырдап кирмейин зайыбы жакшы билет" (96) деген сүйлөм аркылуу берип, жубайынын Текебайды эң жакшы таанып, билип, мүнөзүнө көнүп да калганын, кылык-жоругунан эле эмне кыла тургандыгын билип калгандыгын баяндайт.

Жазуучу аңгемеде "…чака көтөрө кирген зайыбы, бир колу менен мурутун чыйрата…" [96] деген саптар менен аялдын колундагы чака менен булактан суу ташып атканын билдирет. О.э. аял үй окааттары менен алектенип, турмуштун оор жүгүн артынган ошол учурдагы кыргыз айылдарындагы карапайым аялдарды элестетет десек жаңылышпайбыз. Аялы үй оокаттары менен алектенип атканына карабай күйөөсү кыңылдап ырдап, конокко даярданып атып: "сандыктагы кийимими бери чыгарчы" [96] – деген саптар менен аялдар жолдошун бардык кызматында даяр турганын да билүүгө болот. Жазуучу аңгемеде аялды аты менен эч бир жерде атабайт, болгону Текебеайдын аялы деп эскерет. Бул да болсо жазуучунун ошол кездеги жалпы аялдардын абалын, жашоо шартын, мүнөзүн берүүгө аракеттенген деген ойдобуз.

Бул аңгемедеги экинчи аял заты Текебайдын карындашы, жаш секелек кыз. Аңгемеде бул жаш кыз тууралуу болгону эки, үч сүйлөм кездешет. Гезит окуп олтурган жаш кыз, Айнага карап конокко камынып жаткан байкесине карап аны, төмөнкүчө шылдыңдайт: "Байке, эгер сенин шымыңдан миниюбка жасаганда шаарда мени менен окуган кыз-келиндердин далайына жетер эле." [97] Бул саптарды окуганда албетте, алгач оюбузга патриярхат режиминде жашаган кыргыз аялдарынын жашоосу келет. Эч жерде жазылбаган куралдардын негизинде ал кезде аял заты окубайт, улуулардын жанында сүйлөбөйт, күлбөйт деген өңдүү куралдар бар эле. Бирок, Айтбаеванын аңгемесиндеги жаш кыз улуулардын жанында сүйлөп гана тим болбостон, байкесин сынга алып да жатканы о.э. ага өз пикирин кеңири айтып жатканы сүрөттөлөт. Ал аңгемеде үй оокаттары менен алек болгон, уяң кыз катары эмес, тескерисинче, шаарда окуган, стулга олтуруп алып гезит окуган кыз катары сүрөттөлөт. Аңгемеде бул жаш кыз эски менен жаңынын ортосундагы бир көпүрө сыяктуу, Жаңы Кеңеш өкмөтүнүн жалпы жаштарынын элесин берет.

Бул эки аял каармандардан башка аңгемеде дагы эки аял тууралуу кеп болот. Алар Текебай конокко барган үйдүн булөлөрү, жазуучу аларды: "Улага тарапта, самоордун жанында чыныларды сүртүп отурган келин тура келип…" [98] бирин болсо "оозгу бөлмөдө кесме кесип отурган зайыбын шаштырды," (100) деген саптар менен сүрөттөйт. Демек, алар дайыма бир иш менен алек болуп, жада калса дасторконго да олтуруп тамактанышпайт. Конок күтүү, кеселерди жууп, камыр кесүү менен алек. Аңгемеде жазуучу күлкүлүү окуя менен аялдардын өз ара Текебеайды Мышыкбай деп шылдыңдап, күлүп жатканын көрүүгө болот. Бирок, бул да өз ара шыбырашып сүйлөшкөндө гана айтылат. Кыскача айтканда, аңгемеде жазуучу аялдарды медалдын эки тарабы сыяктуу сүрөттөйт. Үй иши менен алек болгон, коомдо орду жок, үн, сөзү жок үч аял медалдын бир тарабы болсо, шаарда окуган жаш кыз медалдын экинчи тарабы сыяктанат.

**2. Валанын бир арманы аттуу аңгемесинде аял**

Бул чыгармада эне жана жаш кыз баш каарман. Батыйна аттуу кыз ата-энесинин жоопкерчиликсиздигиннин айынан, кыздын көп убакыт бою багып жүргөн коюнун союлуусунан улам алган психологиялык жабыркоосу сүрөттөлөт. Кыздын бул окуяга карата кылган мамилеси, сөздөрү, мындан ары бир да жолу эт жебей коюсу анын психологиялык жабыркоосун толук ачыктап берет.

Батыйна жоош-момун, жаныбарларды жакшы көргөн үч жаштар чамасындагы мотурайган кыз. Апасы Бурулча болсо атасына салыштырмалуу бала тарбиялоодо тажрыбалуу, көптү билген айым. Ал үй-жайын аткарган кармаган, үй оокатына тың, эки баласын жакшы баккан, тиричиликке бекем аял. Аңгемедеги көтөрүлгөн проблема: ата-энелердин бала өстүрүүдө кетирген кемчиликтери, жаш үй-бүлө кыздарынын көнүп калган козуларын алардын көз алдында союшу кыздардын психологиясына терс таасирин тийгизет. Козуну сойгондогу кыздарынын абалын көргөн апа: "Айтпадым беле кокуй, аркы тамдын артына апарып сой дебедим беле, балакетти" [115] деген апанын сөздөрү окуянын ушундай болоорун алдын ала билир, бирок, жолдошуна сөзүн уктура албаганын көрсөтөт. Апасы кызын соороткондо аракет кылат бирок, сөздөрү пайда бербейт "…минтип эт жеп, сорпо ичкеним курусун" [116] деп апа өзү да бушайман болот. Козуну апасы деле жаман ой менен сойдурбайт. Атасы болсо бул болуп өткөн окуяларга такыр эле көңүл кош мамиле кылат. Атасынын бала тарбиясы, кыздарынын психологиялык абалы менен иши жок, жоопкерчиликсиз адам экенин окуянын негизинде түшүнүүгө болот.

Бул окуя болгон күнү кечки тамакка апасы Батыйнаны эттүү тамак жегизем деп кыйнайт. Бул болсо апасынын бала өстүрүүдө билимсиз экендигин дагы бир жолу далилдейт. Бурулчага кошуна аял да сынчы чыгат. Анын да кызы окуяларга күбө болгон эле. Ал: "Козуну сойгондо балага көргөзбөй, билдирбей койбойсуңар да. кап!" [118] дейт. Бурулча ага: "Анан калса, тигил атасы менден бетер алабарман, андайды түк байкабайт." [118] Бул сөздөрү менен ал күнөөнү жолдошуна жүктөйт, өзү болсо, жолдошуна сөз уктура албасын билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы окуя менен автор, бала өстүрүүдө, тарбиялоодо, баланын физиологиялык, психологиялык өнүгүп, өсүүсүндө үй-бүлөнүн ролу чоң экенин баса белгилейт. Бала тарбиялоодо апасы эле эмес, ата дагы жоопкерчиликти мойнуна алуусу, билимдүү болуусу керектиги айтылат. Апа кан-

чалык тажрыйбалуу, билимдүү болсо да балдар чөйрөсүн тактап айтканда атасын да көрүп үлгү алат. Себеби бала аны менен чогу жашагандарды мажбур түрдө көрөт жана үйрөнөт.

Кошуна аял Бурулчаны жемелеген менен пайда жок экенин, жалгыз гана ал эмес жолдошу да шалакы кыймылдан көрүп башка үн чыгарбайт. Окуяда кошуна аял тууралуу көп сөз болбосо да, анын айткан сөздөрүнөн анын билимдүү, баланын психологиясын билген аял катары баа берсек болот.

### 3. Эмне болгон көз аттуу аңгемеде аял

Бул аңгеменин темасы А. Айтбаева ар дайым талкууга алган темалардан айырмаланат. Башкалардын жеке жашоосуна кийлигишкен, жалаачы жана ушакчы аял сынга алынат. Автор аялдын ушакчы, жалган-жалаачы экенин анын бекерчилигине, эби жок, максатсыз жашагандыгына байланыштырат. Өзүнүн да, башкалардын да убактысын бошко кетирип, башка адамдардын жашоосун да жагымсыз ушактар менен жагымсыз жагдайларды жараткандыгын автор сынга алат.

Бул аялды башка аялдар төмөнкүчө сүрөттөшөт: “чымыр денеге илдет жүгүзүп, таза абаны чаңдатып, жарыкка көлөкө тосуудан башканы ойлоого алсыз, мындай мителер дагы эле болсо илешип арабызда жүргөнүнө ичимден өкүндүм.” [123]

Зукеш аттуу аялдын үйүн кошунасы үйдүн кулпусунун тешигинен аңдып, өзү эле калбастан башкаларды да чакырып алып, көргөн билгендерин элге жайып, анын тынчын алат. Үйдүн кулпусун алмаштырган Зукешти жолдошу атайын эшикти бат ачалбасын деп өзгөрткөн деп жалаа жабат. Автор бул окуя менен өз жашоосунда ушак-айың таратып, анын тынчын алган адамдарды сынга алган деген ойдобуз.

Жазуучунун бул ангемесин окугандан кийин Айтбаева дайыма эле аялдарда оң каарман катары эмес, кээде терс сапатка ээ аял каармандарды да сүрөттөрүн билүүгө болот. О.э. жазуучу аңгемелеринде турмутук чындыкты, реалдуу жашоону табийгый боектор менен бере алган десек жаңылышпайбыз.

### 4. Эне Үмүтү аттуу аңгемеде аял

Аңгемени айтып бере турган каарман аял. Согушка сүйүктүү жарын да, бир тууган агаларын да жөнөтүүгө мажбур болот. Ал жаш, кайраттуу, эмгекчил ошол эле учурда сезимтал аялзаты. Абуке аттуу сүйүктүү жары согушта курман болгондогу аялдын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын аңгемеде жазуучу так данаа сүрөттөп берет.

Окуяда мындан тышкары согушка уулдарын жөнөткөн эки эне тууралуу да сөз болот. Бири Абукенини энеси, бири кыздын энеси. Эки эне да уулдарын согушка жөнөтөт. Аңгемеде башка аялдар тууралуу да сөз козголот. Алардын ролу көпчүлүк учурда кесиптери менен байланыштуу окуяларга көзгө урунат. Бири согуштан кара кагаз алып келген почточу аял, бири аскер аял, бири болсо поездин кондуктору. Бул үч аялдын ролун аркылуу согуш учурунда аялдар ар түрдүү жумуштарды аткарганын, учурдун эң оор жумуштарын да аялдар мойнуна алганын көрүүгө болот. Жазуучу да аңгемеде муну баса белгилеп, аялдардын бардык тармакта иштегенин көрсөткөн.

Согуш учурун бир аял көз карашы менен аялдардын башынан өткөргөн жашоосун көрүүгө болот. Жазуучунун ангемедеги аялдарга ат койбоосу да маанилүү маселе. Мунун себеби, аңгемедеги окуялардын чыныгы турмуштан алынышы, же автордук ойдон чыгарылган болгону менен чыны реалдуу жашоодон алынгандыгы сезимдерден билинип турат. Бир эненин балдарын, бир жубайдын жолдошун, сүйүктүү жарын согушка жөнөтүп өздөрүнүн көргөн кыйынчылыктары баяндалат. Окуялардагы аялдардын аттары айтылбайт. Себеби алардын башынан өткөргөн окуялары, сезимдери бирдей болгондуктан бүткүл дүйнөдөгү аял затына таандык окшоштук десек болот. Жазуучу ушуну баса белгилөө үчүн каармандардын аттарын жазбаган деген ойдобуз. Окуяларда эки эле каармандын аты аталат. Алар согушта шейит кеткен Абуке жана жеңиш алып келген аскер Бекназар. Бул эки аскер да ошол доордогу согуштагы жалпы баатыр аскерлерди сүрөттөйт.

Аңгемеде согушка кетип жаткан аскерлерди узатуу аземи да баяндалат. Бири жолдошу менен коштошууга жетишпей калып, көз жашын көлдөтүп ыйласа, экинчиси нан алууга барам деп шылтоолоп кетип калат. Айтор: “Жолдошуңуз менен коштошууга үлгүрө алдыңызбы?” десе анысы жооп катары: “Ай, турбадыкпы бирге, жетпейби ага ошо,” автор буларга карата: “О, жараткан! Эгер болсо ар адамда жүрөк кылы ар башка, мүнөздөр да болор,— дедим, сөзүнө жараша… А балким, көңүлү калышкан немелерби?..”

Бир тараптан аялдын бул жоругун сынга алганы менен автор экинчи жагынан аны балким таарынышкан немелер го деп түшүнүүгө аракет кылат. Бул жерде аялдарды жалан гана оң сапаттары менен эскербестен реалдуулукту жазгандыгы автордун чыныгы жашоого басым жасап, чынчылдык, реалдуулук менен аңгемени баяндаганын көрүүгө болот.

Станциядагы коштошуу сахнасы тууралуу көп сөз болбойт. Жазуучу окуяларды берет. Бул да болсо согуштун аапат алааматынын адамдын жашоосуна тийгизген терс таасирин көрсөтөт.

Ангемедеги аскер аял орус улутунда. Эки уулу бири инженер, бири учкуч. Алардын душманга каршы согушуп жаткана сыймыктанат. Жолдошу болсо согушта шейит кеткенин айтат. Дагы бир орус аял беш уулунун үчөө согушка кетип, кайда, кантип жүргөнү да белгисиз экендигине кайгырат. Өзү бомба түшкөн шаарда кичинекей небереси жана кызы менен согуштун оор күндөрүн башынан өткөрөт. Жашап жаткан жери тууралуу: “Ар кимге туулуп өскөн журту кымбат эмеспи.?” деп эскерет.

Бул аңгемеде аялдар психологиялык жантан курч, мүнөздөрү күчтүү аялдар. Жазуучу ошол доордун баарынан мурда Ата мекенин ойлогон татаал замандардын каарын башынан өткөргөн баатыр аялдырын сүрөттөгөн.

### 5. Кыз кыялы аңгемесинде аял

Бул аңгеме аялын ички сезимдерин чагылдырган өрнөктүү бир чыгарма. Анаргүл аттуу кызын психологиясын, сезимдерин, ички ойлорун чагылдырат. Жаш кызын бир күн бою улам өзгөрүлүп турган жан дүйнөсүнөгү абалы баяндалат. Айланасынагы ар бир нерсе анын психологиялык абалын өзгөртөт. Аңгеме-

нин темасы Эсенбек аттуу жигитке кызын ашыктыгы, ал узакта болгон үчүн аны сагынуусу.ж.б.у.с. Кыз Эсенбек аны унутуп, аны менен эми турмуш жолуна бир болбосун ойлоп кайгырат. Бир аял жазуучу тарабынан кыздын табият менен болгон байланышы анын сезимдери менен аралашып сүрөттөлөт. Жаандын жаашы, күндүн күркүрөгөнү, булуттар, жылыздар, ай баары анын сезимдерине шериктеш болуп, аба-ырайы менен кошо кыздын да кубаныч кайгысы өзгөрүлүп турганы ачык сүрөттөлөт.

Анаргүл көпчүлүк тарабынан идеялдуу аялзаты катары сүрөттөлөт. Сулуу, маданияттуу, бир кесиптин ээси, өзүнө ишенген, акылдуу, жардам берүүдөн качпаган, айланасындагылар тарабынан сый-урматка ээ, колунан көөрү төгүлгөн ууз, үй иштерин да мыкты жасай алган, сүйүктүүсүнө дайыма туруктуу айым. Жазуучу Анаргүлдүн образы менен жалпы дүйнөөгү аял затынын улуу сезим сүйүү алдында өзгөрүп, ар тараптуу өнүккөнүн көргөзгөн.

Аңгемеде кыз менен жигиттин үй-бүлө курбай эле, көнүл аяып, кол кармашып жүргөнүн көрүүгө болот. Жаңы доордо аялзаты өз сүйүктүүсүн, турмушка чыга турган адамын өзү танап, эркин пикир жүргүзө алганын көрүүгө болот.

Кыз, Эсенбекке мурда сүйлөгөн сөздөрүн, мамилесин эстеп өзүн сынга алат. Эмне үчүн андай кылганын суракка алат. Мындан кызын пикири, мүнөзүн өзү сындай ала турган, анализдей ала турган кыз экенин билүүгө болот.

Кыздын карангыдан, күндүн күркүрөгөнүнөн коркушу анын мүнөзүн билүүбүзгө шарт түзөт. Күндүн күркүрөгөнүнөн коркон кыз убагы келгенде сүйүктүүсүнө болгон сагынычтын айынан бул коркуусун да жеңет. Жазуучу кыздын коркуусун жалпы аялдарга таандык сапаттар катары көрсөтүп, аны бир аял катары эң жогоку деңгээлде түшүнүү менен баяндаган. Аңгеменин аягында аялдын жигитти эмне үчүн сүйүп калганын айткан сөздөр бар. Бул сөздөрдөн анын мекенчил экенин көрөбүз. Автор өз таанымы менен идеал эркек менен аялды жагылдырган десек болот.

**6. Эне элеси аңгемесинде аял**

Аңгемеде өлүм, сүйүү, ооруу сыяктуу темаларга басым жасалат. Апасынан айрылган жаш кыздын жалгыздыгы, кусасы, апасына болгон сагынычтын анын ички дүйнөсүнө тийгизген травмасы сүрөттөлөт. Апасын жоготконуна эки жыл болсо да апасын унута албай, тилинен түшүрбөгөн кыздын окуялары баяндалат. Оорусу бир жактан, апасына болгон сагынычы бир тараптан кызды азапка салат. Анын жанында курбусу жана сезимдерин айта албаган ашыгы бар. Өлүмдүн ачуу даамынын кызга болгон таасири реалдуулук менен сүрөттөлөт. Апасынан, агасынан айрылып үйүндө жалгыз жашап калат. Бул аны катуу кайгыга салса да, бир жактан чыйралтып, өзүн кайраттуу болууга үйрөтөт. Сангүл күчтүү кыз, анын келечекке карата пландары максаттары бар. Ал ичинде болуп жаткан депрецияга күчтүү максаттарынан улам баш ийбет. Анын максаты магистрды ийгиликтүү аяктоо..

Сангүл институтта окуйт. Мындан аялдар дагы коомдо өз ордун таап, жогорку билим алууга умтулуп жатканын көрүүгө болот. Бул да болсо Жаңы Кеңеш өкмөтүнүн алып келген заманбап жашоосунун бир белгиси десек болот.

Сангүл лабороторияда микроскоп менен изилдөө жүргүзүп жатканы тууралуу сөз болот. Мындан анын инженер экенин билсек болот. Билимдүү кыз болгонуна карабай үрп-адаттарды, салттарды да жакшы билет. Муну төмөнкү саптардан билсек болот: “Биздин үйдө эркек адам жок, жигиттерге эшик ачылбайт»” [165] деп Дайырга эскертет. Үйдө жалгыз жашаганына карабай намыска бек, өзүнө сак кыз экенин ушул саптардан билүүгө болот. Сангүлдүн курбусу менен Дайыр сүрөттү алуу үчүн үйүнө келгенде: “Келип үйдөн даам татпай чыкканыңды укса, Сакиш маган таарынат,” – дейт. Бул саптар анын жогорку билимдүү, салты билген, меймандос сапаттарга ээ кыз экенин билдирет. Жыйынтыктап айтканда Сангүл жаңы доордун, билимдүү, даанакер, идеялдуу айымы катары бааланат десек болот.

Бул аңгемени жазуучу өз башынан өткөргөн окуялардын негизинде жазган деген ойдобуз. Жалгыз эле Сангүлдүн башынан өткөн апасына болгон сагынычын, апасыз өсөн кыздын азаптуу күндөрүн эмес ага тагдырлаш болгондордун да жашоосун чагылдырат. Окуялар трагедиялуу башталып, үмүтсүздүк, кайгы менен башталса да аягында окурманды шыктандырган, мотивация берген жагдайлар менен аяктайт.

Жазуучу бул аңгемесинде өз күчү менен кайраты менен бутка турган жаш күчтүү кыздын образын жаратат. Сезимтал, үмүтсүз кызга анын жалгыз эмес экендигин билдирген ашыгы да жашоого болгон үмүттөрүн күчтөнтүп, чыйралышына себеп болот.

**7. Талаа менен сырдаш күндөр аттуу аңгемеде аял**

Бул аңгемеде Үмүткан аттуу кыздын жаштыгындагы жана орто жаш курагындагы окуялар баяндалат. Үмүткан Акжолтой менен жаңы үй-бүлө курат. Мындан үч ай өтпөй согуш башталат, жолдошу согушка аттанат. Үмүткан жолдошу аманат кылып таштап кеткени үчүн, анан согуш учурундагы кыйынчылыктардын айынан жер айдоого тракторчулукту өз мойнуна алат, муну ийгиликтүү аткарат. Бир тараптан трокторчулук, бир жактан согуш жылдарындагы катаал турмуш, катуу топурактарды айдап жер кылып күнү-түнү тынбай эмгектениши анын күчтүү аял экенин көрсөтөт.

Аңгемеде Самтыр аттуу каарман Үмүткандын трокторчу болушуна кармашылык кылып аны сынга алат. Кийин болсо аны жакшы көрөөрүн айтып, ээн талаада аны кучактап, өпкөнгө аракет кылат. Үмүткан намысы үчүн күрөшүп аны трактор менен сүрүп баштаганда Самтыр коркуп качат. Согуш үчүн болгон күрөштөн тышкары окуялардан аялдын өз намысы үчүн да болгон күрөшү баяндалат.

Үмүткандын жолдошу согуштан аман-эсен кайтат. Жолдошуна тракторун берип, өзү саанчы болуп иштейт. Окуялардын аягында Үмүткан кылган кызматы, көрсөткөн мээнети үчүн өкмөт тарабынан сыйлыкка ээ болот. Бул аңгеме жалпысынан аял затынын күчтүүлүгү, кааласа тоону да томкоро турган күчү бар экенин көрсөтөт.

**Жыйынтыктап айтканда** биз изилдөөгө алган аңгмелердеги аял темасын ар тараптуу берүү көлөмдүү боло тургандыктан агемелердеги эң урунттуу

учурларды гана иликтөөгө алдык. Бул багытта дагы тереэң маалымат алууну каалагандарга магистрдык ишибизди толугу менен көрүп чыгууну сунуштайбыз. Макалада аңгемелер тууралуу кыскача гана маалымат берилди.

Айтбаеванын аңгемелеринде темалар ар түрдүү экендигине күбө болдук. Алар: балдар дүйнөсү, согуш, табият, сүйүү, Совет идеологиясы, үй-бүлө, аялдар жана аялдар дүйнөсү.

Бул иликтөөбүздүн максаты чыгармаларынын негизинде жазуучуну дагы да жакындан таануу, чыгармачылыгы менен тереңден таанышуу жана анын аялдар дүйнөсүнө болгон көз карашын иликтөө болуп саналат. О.э. ал жашаган доордогу саясатта, социал жашоодо, экономикадагы аялдардын ордун, баасын, баалуулуктарын чыгармалары аркылуу билүү.

Жазуучунун жеке тагдыры анын чыгармаларынын жаралуусуна кайсы бир деңгээлде себеп болгонун көрдүк. Анын атасыз, энесиз чоңоюшу анын кийин жазган чыгармаларында из калтырды. Ушуга байланыштуу анын чыгармаларындагы каармандар: жолдошу каза болгон жесир аялдар, балдарын жалгыз бой өстүргөн аялдар, жетим өскөн жаш кыздар болуп эсептелет. Бирок ошого карабастан бул аялдар кыйынчылыкта сынбай, тоскоолдукка төшүн тосуп жашоо үчүн күрөшкөн каармандар. Жазуучу аялдардын ички дүйнөсүн, жашаган жашоосун бир нече барак аңгемеде эле так данаа көрсөтүп бере алган десек болот.

Анын чыгармаларындагы картаң аялдар эски доорду чагылдырса, орто жана жаш курактагы айымдар жаңы өнүгүп келе жаткан доорду сүрөттөйт. Эски менен жаңынын күрөшүн анын чыгармаларындагы аялдардын ролунан таасын көрүүгө болот. Жаңы доордун аялдары өз тагдырын өзү чечкен, каалаган кесибинин ээси боло алган, күчтүү, аракетчил айымдар. Айтбаеванын чыгармаларында энелер, балдарынын келечеги, алардын жакшылыгы үчүн оор турмушту аркалап, жоопкерчиликти мойнуна алып, жашоо үчүн күрөшкөн даанакер энелер.

***Адабияттар***


*1. Aktaş, Ş. (1991). Roman Sanatı ve Roman İncelemesine Giriş. Ankara: Akçağ yayınları.*

*2. Çetişli, İ. (2009). Metin Tahlillerine Giriş 2. Ankara: Akçağ Yayınları.*

*3. Eagleton, T. (2014). Marksizm ve Edebiyat Eleştirisi. İstanbul: İletişim Yayınları.*

*4. Kaplan, M. (2005). Hikâye Tahlilleri. İstanbul: Dergâh yayınları.*

*5. Kudret, C. (1971). Türk Edebiyatında Hikâye ve Roman I. Ankara: Bilgi Yayınevi.*

*6. Moran, B. (2002). Edebiyat kuramları ve eleştiri. İstanbul: İletişim Yayınları.*

*7. Айтбаева, А. (1971). Атанын аманаты. Фрунзе: Мектеп басмасы.*

*8. Айтбаева, А. (1975). Эне Үмүтү. Фрунзе: Кыргызстан басмасы.*


***Рецензент: доктор филол. наук, проф. Л.Үкүбаева***